# "Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, өлүм жакындаганда жүзүнө чүпүрөк жаап, өлүм азабынан дем алуусу кыйындаганда, аны жүзүнөн алып салып жатты. Ал ошондой оор абалда жатып: "Аллах яхудийлерди жана христиандарды каргыштады. Алар өздөрүнүн пайгамбарларынын мүрзөлөрүн мечит кылып алышкан" - деп алардын кылгандарынан эскертип жатты".*@

Аиша жана Абдулла бин Аббас, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте ал экөөсү айтты: "Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, өлүм жакындаганда жүзүнө чүпүрөк жаап, өлүм азабынан дем алуусу кыйындаганда, аны жүзүнөн алып салып жатты. Ал ошондой оор абалда жатып: "Аллах яхудийлерди жана христиандарды каргыштады. Алар өздөрүнүн пайгамбарларынын мүрзөлөрүн мечит кылып алышкан" - деп алардын кылгандарынан эскертип жатты".
[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Бул хадисте Аиша жана Ибн Аббас, радыяллаху анхум, мындай деп кабарлап жатат: "Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, өлүм жакындаганда жүзүнө чүпүрөк жаап, өлүм азабынан дем алуусу кыйындаганда аны жүзүнөн алып салып жатты. Ошондой оор абалда жатып мындай деди: "Аллах яхудийлерди жана христиандарды каргыштады жана аларды Өз ырайымынан алыстатты. Себеби, алар өздөрүнүн пайгамбарларынын мүрзөлөрүнө мечиттерди салышкан". Эгер бул иштин коркунучтуулугу болбогондо, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай кыйын абалда аны эскертмек эмес. Ошондуктан ал мына ошого окшош иштерден үммөтүнө тыюу салды. Анткени ал яхудийлер менен христиандардын кылганы жана Аллах Таалага ширк кылууга алып баруучу жол.